
# Кичинекей улак



Автор: Мирна Лоуренс

Сүрөтчү: Николь Энн Смит

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Кичинекей улак

Автор: Мирна Лоуренс
Сүрөтчү: Николь Энн Смит
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Little Goat*, Copyright © 2016, Nicola Anne Smith, Mirna Lawrence, Tiffany Mac Sherry, Nabeela Kalla, and BookDash.org түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Кичинекей улак" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган, автор Мирна Лоуренс, сүрөтчү Николь Энн Смит, © Book Dash 2016, CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/105117-little-goat

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Кичинекей Улак даамдуу көк чөп издеп жөнөдү.



Ошол маалда асман көпкөк болуп турган. Бирок улактын аны менен иши болгон жок.


Суу таштан ташка согулуп, күрпүлдөп обон салып турду.

Бирок Кичинекей Улак анын ырларын тыңшап да койгон жок.



Улакты көргөн Чымчык:

– Салам, Улак! – деп кыйкырды.





Бирок Кичинекей Улак ага эч нерсе деп жооп берген жок.




Ал көк ширин чөпту издөө
менен гана алек болуп жатты.

Көк ширин чөп издеген улак акырындан Эчки энеден алыстап баратты.





Акыры Кичинекей Улак ширин көк чөптү тапты. Ал тынбай оттой берди. Ошентип, ал энесинен алыстап кетти.




Эчки эне улагын таппай калды. Улагын жүгөрүнүн арасынан издей баштады.




Бирок Кичинекей Улак ал жерде да жок экен.

Эчки эне суунун жээгине чуркады. Кичинекей Улак ал жерде да жок экен.



– Улагым, кайдасың? – деп Эчки эне маарап жиберди.




Эчки эненин маараганын көрүп, Чымчык ага боору ооруду.

– Кичинекей Улак көпүрөнүн артындагы чөптө уктап жатат, – деди.






Эчки эне көпүрөдөн өтүп, таттуу уйкуда жаткан Улакты көрдү.



– Улагым, ойгон! Мен сени издеп жүрбөймүнбү! – деп маарап жиберди Эчки эне.



– Энеке, мен жоголгон жокмун. Ушул эле жерде болчумун, – деди Кичинекей Улак.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Мирна Лоуренс
Сүрөтчү: Николь Энн Смит
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли